мамлекеттик расмий гезити
Эркин Тоо



■ Туризм жана IT тармак – биздин келечек

Элдар АБАКИРОВ, экономика министринин орун басары:

# “МИГРАНТТАРГА БАЙЛАНГАН ЭКОНОМИКА ЖАКШЫЛЫККА АЛЫП КЕЛБЕЙТ”

**- Элдар Курманбекович, айтсаңыз, Кыргызстандын азыркы экономикалык абалы кандай? Жакынкы эки жылда экономикалык өсүш басаңдайт деген да божомол бар.**

- Экономикалык өсүш жылыга 3-4% өлчөмүндө өсүп жатат. Бирок биздин шарт-жагдайга салыштырганда бул өсүш өтө төмөн, жок дегенде 8-10%га чейин өсүш болсо, көзгө көрүнө турган жакшы өзгөрүүлөр болмок. Бугга жетүү оңой эмес, анткени биздин соода өнөктөшүбүз болгон Казакстан, Россияда деле экономикалык өсүш анчалык эмес. Алардын валюталарынын төмөн түшүшү, жергиликтүү калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшү биздин жашоого түздөн-түз таасир этет. Биздин негизги киреше булактарыбыз – мигранттар жиберген акча, Кыргызстанда тигилген кийим-кечектер, айыл чарба продукцияларынын жакынкы коңшу өлкөлөргө кетиши. Негизги көйгөй – өндүрүштүн жокко эсе болушу. Кандай да болсо өндүрүштү бутка тургузушубуз керек. Мигранттарга байланган экономика акыры социалдык жактан жакшылыкка алып келбейт. Акыркы жылдары Кыргызстандын экспорту Россия, Казакстандан сырткары Өзбекстан, Кытайга өсүп баратат. Европа биримдиги аркылуу Европага, Индияга товарларды, продукцияларды экспорттой баштасак, акча жакшы түшүп, жаңы кан куюлгандай болуп, экономика да жандана түшмөк. Биздин негизги максат – экспортту көбөйтүү, ал аркылуу жумуш орундарын түзүү, өндүрүштү өстүрүү.

**- Башка мамлекеттер бизден экспортко эмнелерди алып жатат? Эмнеге кызыгышат?**

- Негизги экспорт – алтынды ойго албаганда, негизинен айыл чарба продукциялары. Экспортко кетире турган 3-4 завод чыгарган жабдыктар бар, алар – Токмоктогу “Интергласс” ишканасынын айнектери, “Дастан” ишканасынын аскер техникалары, “Кыргызавтомаш” ишканасынын радиаторлору ж.б. Булар 50-100 млн долларга чейин экспортко чыгарышат. Биз жакынкы коңшу өлкөлөрдөн сырткары алыскы өнүккөн өлкөлөргө да экспортко чыгаруу үчүн сапатты жакшыртышыбыз керек. Ушул 5 жылда колубузда бар продукциялардын сапатын көтөрүп, башка рыноктorго экспортту көбүрөөк чыгарганга аракет кылышыбыз керек. Ушул 3-4 завод сыяктуу 30-40 завод ачуу зарыл. Азыр айыл чарба продукцияларынан сырткары цемент, көмүр, сары ташты экспорттоп жатабыз. Бизде негизги потенциал көп. Кремний көп, анын өзүн экспорттосок болот. Күн панелдерин экспортко чыгарсак болот. “Кварц компани” деген завод Жалал-Абад облусунда ачылып жатат. Алар Европага мисалы айына 5 тоннадай кремний сатса, анда бир топ жакшы акчалар келет. Бизде көп цемент заводдорун курсак болот, анткени цементтин сырьёсу көп жана сапаты мыкты. Кыскасы, мүмкүнчүлүктөр көп, болгону ишке ашырыш керек.

**- Кандайдыр орчундуу проблемалар болсо керек?**

- Проблема – адам ресурсу. Жергиликтүү ишкерлер көп чыгышы керек. Сырттан жаңы технологияларды үйрөтө турган инвестициялар келиши керек. Негизи товарга байланбаган тармактар Кыргызстан үчүн өтө маанилүү. Бул – туризм жана IT технологиялары. Жылдан-жылга Кыргызстанга келчү туристтердин саны өсүп баратат. Виза-фри деп коёт, визасыз режим киргизгенибизге 6-7 жылдай болуп калды, ал өзүнүн пайдасын тийгизди. Алыскы өлкөлөрдөн туристтердин саны 30 миңден 120 миңге чыкты. IT сектордо жогорку технологиядагы парк бар. Ал жерде чыгарган продукциялардын саны жылдан-жылга өсүп баратат. Анын акчасы өтө деле жогору эмес, болгону 5-10 миллиондун тегереги, бирок тренд жакшы болуп жатат. Ал жерде 40-50 компания иштейт. Алардын программалык продукциясынын 80%ы экспортко кетет. Ушул эки тармакка өзгөчө көңүл бурушубуз керек. Анткени, ал жерде көп жумушчу орундарын түзсө болот, акча да тегиз жайылат. Калктын бардык катмары – туристтер жана программист балдар бирдей акча табат.

**- Азыр жаштар салттуу эмес бизнеске, мисалы стартап сыяктуу жаңы түшүнүктөгү бизнес түрлөрүнө кызыга башташты. Ушулар эмне берет?**

- Ушул эле мен айткан IT сектор. Мисалы, айылдарда жаштар көк бөрү, ат чабыш, кыз куумай оюндарына кызмат көрсөтүп акча тапса, аны видео-го, сүрөткө тартып, ар түрдүү соцтармактарга жүктөп, акча тапкандар бар. Мунун ичинде көп тармактар бар. Азыр жаштар акча табуунун жолдорун жакшы өздөштүрө башташты. Бизде океанга чыгуу жолдорубуз жок, тегерегибиздин баарын мамлекеттер курчаган. Товар алып келүү, алып кетүү узакка жана кымбатка турат. Ошондуктан физикалык жактан тоскоолдукка байланбаган бул - туризм жана IT тармагы. Биз буга өзгөчө көңүл бурушубуз керек. Жылдан-жылга ички дүң продукцияга кызмат көрсөтө турган тармактардын салымы чоң болууда.

**Сымбат МАКСУТОВА**

# МИГРАНТТАРГА ЖАШЫЛ ЖАРЫК

***Орусия кыргызстандык мигранттарга болгон мамилесин “жумшарта” баштады. “Кара тизмеге” кабылгандар менен “жашынып” жашап жүргөндөргө карата жашыл жарык берген макулдашуу эки жактын өлкө башчылары Сооронбай Жээнбеков менен Владимир Путиндин ортосундагы ийгиликтүү сүйлөшүүлөрдөн улам мүмкүн болду.***




Орусияга киргенге тыюу салынган кыргызстандыктардын саны ушул жылдын июль айына карата 70 983 адамды түзгөн. Ноябрдан тарта Орусия алардын аймагына мурунку барышында 30 суткалык убактылуу жашап туруу мөөнөтүндө чыгып кетпестен “жаман кагазга” түшкөн жана административдик жоопкерчиликке бир нече ирет тартылышкан Кыргызстандын жарандарын “кара тизмеден” чыгармакчы. Бирок “кара тизмедегилердин” баарынын эле Орусияга жолдору ачылбайт. Соттук чечимдерди аткарбагандар, издөөдө жүргөндөр жана Федералдык Мыйзамдын №114, 27-беренесине ылайык өлкөгө киргүүгө тыюу салынган жарандарга мамиле “жылыбайт”. Оң чечимге илине тургандардын саны 20 миңдей болот.

Орусияда “бекинип” күн кечирип, андагы жашоо эрежелерине баш ийбей жүргөндөрдүн так саны белгисиз. Эки тараптын элчиликтери менен миграция кызматтары биригип “жашырынган” жарандардын көлөмүн жакындаштырып, 240 миңдей дешүүдө. Эми аларга да жеңилдиктер каралып, жашоо мөөнөтүн сактабай жана оор эмес укук бузуулары баргандар менен мыйзамсыз жүргөндөр 10-декабрга чейин административдик жоопкерчиликке тартылам же “кара тизмеге” түшөм деп коркпостон тоскоолдуксуз өлкөдөн чыгып же кире алганга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

**Жаркынай ЭРГЕШБАЕВА**

■ Ысык-Көлдөгү реквием - митинг

# ЭЛИБИЗДИН ӨТКӨН ООР КҮНДӨРҮ УНУТУЛБАЙТ

Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнүндө Каракол шаарынын жана облустун мекеме - уюмдары менен ишканаларынын өкүлдөрү, жаштар, жергиликтүү жашоочулар борбордук аянттагы коомдук ишмер Ю.Абдрахмановдун эстелигине таазим көрсөтүп, алдына жүздөгөн гүлдөрдү коюшту. Мындан соң бир чакырымдык жөө жүрүш жасаган коомчулук 1916-жылдагы улуттук боштондук кыймылы - Үркүндүн шейиттерине жана дагы бир 1937-1953 - жылдардагы саясий репрессияда курман болгондордун каркын элесине арналган эстеликтерде маанилүү иш-чараны улантышты.



Реквием - митингде өкмөттүн Ысык-Көл облусундагы өкүлү А.Осмоналиев, Каракол шаарынын мэри А.Каниметов, шаардык Кеңештин депутаты, жазуучу К.Мамбетов, эмгек ардагери Э.Мамбетова, облустун ардагерлер Кеңешинин төрагасынын орун басары Ж.Шарапов эскерүү күнүнүн маани - мазмунун, элибиздин башынан кечирген оор мезгилдери жөнүндө, анын белгилүү жана белгисиз уулкыздары жөнүндө эскеришти. Өкмөттүн облустагы өкүлү А.Осмоналиев ушул күндү эскерүүгө көптөгөн адамдардын активдүүлүктөрүн көрсөтүшүп уюшкандыкта катышуусуна, алардын патриоттуулуктары менен аң сезимдеринин бийиктигине ыраазылыгын да билдирди.

- Атам эл душманы катарында күнөөсүз камалып кеткенде биз чиедей балдар элек. Жетим калып, торолуп-өстүк. Кийинчерээк атамдын ысмын актоо боюнча көптөгөн коомдук мекемелерге кайрылдык. Атама ошол кездеги каралоочулар: -Туран партиясынын мүчөсүсүң,- деген жалган айып тагышыптыр. Айылдык карапайым адам андай партияны кайдан билмек. Айылыбыздагы эле бир арызчынын жазган арызы менен репрессияланыптыр. Ошол каргашалуу арызды да окудум, - деди 90 жаш куракты кырын ашкан энебиз Эркин Мамбетова сөзүн улап. Ошондуктан, азыркы жаштарыбыз тарыхты унутушпай, жакшы билүүлөрү керек. Коомубузду эмгек менен өнүктүрөлү.

Тарых жана ата - бабаларды эскерүү күнү Ысык-Көл облусунун райондорунда, шаарларында кызуу белгиленди.

**Канатбек АШЫМБАЕВ**